*Садыкбек кызы Ж.*

# «ЖИГИТТЕР» ДРАМАСЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ МЕЗГИЛИНДЕГИ МАЙДАН ТЕМАСЫНДАГЫ ПЬЕСАЛАРДЫН КОНТЕКСТИНДЕ

*Садыкбек кызы Ж.*

# ДРАМА «ДЖИГИТЫ» В КОНТЕКСТЕ ТЕМЫ О ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ

*Садыкбек kyzy Zh.*

# DRAMA "HORSEMEN" IN THE CONTEXT OF THE THEME OF THE GREAT PATRIOTIC WAR

*УДК: 821.52*

*В статье рассматривается драма «Джигиты» в теме ВОВ».*

*The article considers the drama «Horsemen» in the subject of the great Patriotic war.*

Ташым Байжиевдин «Жигиттер» драмалык чыгармасы XX кылымдын 40-жылдарындагы, тагыраак айтканда, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз драматургиясынын жалпы фонуна салып караганда, маанилүү көркөм кубулуш болгон. Бирок ошондой болсо дагы бул драманын тагдыры кыйла татаал болду. Согуш мезгилинде «Советтик Кыргызстан» журналына («Советтик Кыргызстан», 1944, №2) жарыяланса да, чыгармага олуттуу көңүл бурулбай, пьеса ошол жарыяланган боюнча басма бетинде кала берген жана бара-бара авторунун саясий айып тагылып, түрмөгө камалышына байланыштуу «унуткарылып», «темир сандыкка» жабылган. Идеологиялык куугунтукка кабылган Ташым Байжиев 50-жылдардын экинчи жарымында күнөөсүз деп расмий акталса да, 80-жылдарга чейин жазылган адабияттын «тарых-тарына» «Жигиттер» кирген эмес. Горбачевдук кайра куруу кырдаалында 1987-жылы «Илим» басмасынан жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхында» гана Ташым Байжиевдин аталган драмасы жөнүндө биринчи жолу адабият таануу аспектисинде сөз болгон. Жаралган күнүнөн 43 жыл өткөндөн кийин драматургиянын тарыхы боюнча адис, профессор С.Байгазиев алгач жолу «Жигиттерге» өзүнүн төмөнкүдөй мүнөздөмөсүн берген: «Жигиттер» сыртынан караганда негизги фабуласы, сюжеттик фактурасы жагынан согуш учурунда жазылган пьесалардан эч айырмасы жок өңдүү. Тескерисинче, пьесанын аты, сюжетинин өзү штамп сыяктуу. Мында деле башкы каармандын бири командир кыргыз жигит, сүйгөн кызы ошол эле аскердик бөлүктө радистка. Мында деле согуштук оор тапшырма алуу, эрдик менен «тил» кармоо, фашисттер менен жан аябай кармашып, арттагы армияга жол ачуу, туткунга түшүү, немистердин кыйнашы, анан туткундан айлакерлик менен кутулуп чыгып, өз бөлүгүнө кошулуп, жеңиштүү жолун улоо. Бирок, «Жигиттер» мурдагы көнүмүш сюжеттик сызыктарды кайталансыганы менен анын сүрөттөө манерасы бөлөкчө. Т.Байжиевдин «Жигиттер» драмасы өзүнө чейинки майдан темасындагы пьесаларда орун алган штамптарга жана көнүмүштөргө полемика катары жазылган сыяктуу (Кыргыз совет адабиятынын тарыхы, Фрунзе – «Илим» басмасы,1987, 334-бет). «Жигиттер» драмасына экинчи бир оң пикирди маркум адабиятчы Салижан Жигитов берген: «Ташым Байжиев «Жигиттер» аттуу драмасын согушта, Украина фронтунун окопторунда жүргөндө баштап, 1944-жылы жарадар болуп госпиталда жатканда бүтүргөн. Пьесанын окуялары, каармандары, драмалык кагылышуулары майдан турмушунан алынып, көркөмдөштүрүлгөнү дап-даана байкалып турат. Окуялары өтө кызыктуу, кыймыл-аракеттүү, каармандардын тилдери, диалогдору, конфликтиси өтө так, курч, чечкиндүү, профессионалдуу түзүлгөн» (С.Жигитов, Ташым Байжиев – белдүү кара сөзчү болмок. Китепте: Ташым Байжиев – Бишкек, «Едеп», 2003, 103-бет).

Ошондой эле, «Жигиттер» пьесасына жалаң гана адабий сынчылар эмес, театр ишмерлери да көңүл бура баштаган. 1989-жылы «Жигиттер» драмасынын Кыргыз драма театрынын сахнасына коюуга даярдалып жаткандыгына байланыштуу спектаклдин режиссеру, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Искендер Рыскулов журналист Э.Калдаровго берген интервьюсунда өз оюн мындайча туюндурган: «Иши кылып бул спектакль жөнүндө айтайын деген оюбуз көп жана терең. Ал эми бүгүнкү күн менен үндөшүп турган жагы – баарыбызды ыймандуулукка чакырып тургандыгында, анан согушту жектегендигинде. Бул пьеса убагында эске алынбай жатып калгандыгы өкүнүчтүү. Эгер ошол эле кезде театрга коюлса абдан чоң талаш-тартыштарды жаратмак десем жаңылышпаймын. Эми, азыр деле кеч эмес. Убагында убайын көрбөй унутулуп калган авторлорубуздун «камалып» жаткан чыгармаларына кайрадан жүзүбүздү бурсак, эл алдына алып чыксак, эч качан анын кемтиги сезилбейт. Ошондуктан биз азыр даярдап жаткан спектакль биринчи кезекте анын авторуна, согушка катышкан ардагерлерибизге, кан майдандан кайтпай калган жигиттерибизге арналган гүлдестебиз болуп калмакчы. Ошону менен бирге эле ошол опасыз согушту көрбөгөн жаштарыбызга эскерткич болуп калсын…» (Э.Калдаров, «Жигит-

тер», «Советтик Кыргызстан» газетасы, 10.11.1989-жыл).

Демек, жогорудагы келтирилген цитаталардан көрүнүп тургандай, «Жигиттер» драмасынын тиешелүү идеялык-көркөмдүк артыкчылыктарга ээ экендиги, согуш учурунда жазылган өзүнүн «Курбалдаш» пьесаларынан эстетикалык сапаты боюнча өзгөчөлөнүп турарлыгы көз-көрүнөө факт. Бирок тилекке каршы, «Жигиттер» өйдөтө адистер белгилеген көркөмдүк жана идеялык өзгөчөлүктөрүнө, айырмаланган сапаттарына карабастан эгемендүүлүк жылдарында да кең-кесири талдоого алынган эмес. Адабиятчы С.Байгазиевдин «Адамды көздөй жол салган пьеса» аттуу макаласында «Жигиттердин» артыкчылык сапаттары жана айрым кемчиликтери жөнүндө негизинен тезис түрүндө сөз болгон. Ал эми Салижан Жигитов жогоруда келтирилген пикирин жалпысынан баа берүү түрүндө гана бүкүлү айтып өткөн.

Демек, Ташым Байжиевдин «Жигиттер» драмасын кеңири талдоонун, анын идеялык-көркөмдүк сапаттарын, эстетикалык артыкчылыктарын жана кемчил жактарын, пьесанын кейипкерлери менен конфликтерин аналитикалык талдоодон өткөрүүнүн, аталган чыгарманын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги драматургиялык процессте алган адабий-тарыхый ордун, ошо кездеги кыргыз драма өнөрүнө кошкон салымын аныктоонун зарылдыгы туулуп отурат.

Изилдөө ишибиздин бул главасында «Жигиттер» драмасынын өз мезгилинин пьесалары менен салыштырып талдоо жана жалпы адабий контексттен карoo аркылуу ушундай милдетти жүзөгө ашырууну көздөмөкчүбүз.

30-жана 40-жылдардагы орус адабияты менен кыргыз адабиятын салыштырып караганда, бул экөөнүн ортосунда айрыкча адамды сүрөттөө жагынан чоң айырмачылык дароо байкалат. Өздөрүнүн көркөм маданиятынын тарыхында Гоголь, Тургенев, Чехов, Л.Толстой, Достоевский, Горький сыяктуу дүйнөлүк даңкка ээ болгон реалист жазуучулары бар орус калемгерлери 30-40-жылдарда инсандын ички руханий жан дүйнөсүн, психологиясын, индивидуалдуу адамдык толгонууларын, бир сөз менен айтканда, адам жанынын диалектикасын ачууну өз алдыларына милдет катары коюп отурушат. Бир эле Михаил Шолоховдун «Тынч Дон» романын көз алдыга келтирели. Бул романда кандай психологиялык терендик жатат? Бир сөз менен айтканда, адамдын жан дүйнөсүнүн диалектикасын ачып сүрөттөө жагынан орус адабиятынын бай тажрыйбасы бар эле жана орус жазуучулары ушул салтка таянып турушат.

Ал эми жаңыдан каймактап, калыптанып жаткан кыргыздын жаш адабиятында абал-жагдай такыр бөлөкчө. 30-40-жылдардагы биздин адабиятыбызда адамдын жекелигин сүрөттөө жагынан айрым чекене ийгиликтерди эсепке албаганда, негизинен кыргыз жазуучулары адам жанынын диалектикасын, кишинин интимдик дүйнөсүн, психологиялык толгонууларын ачуу искусствосунан оолак турушат. Кыргыз адабиятында инсандын индивидуалдуу жан дүйнөсүн эмес, көбүнчө анын коомдук-саясий, идеологиялык, патриоттук жүрүм-турумун, ишмердигин сүрөттөө үстөмдүк кыларлыгы байкалат. Буга байланыштуу академик Д.С.Лихачевдун орто кылымдагы орус адабиятын талдай келип, летописчи жазуучулардын каармандары жөнүндө төмөндөгүчө жазганы эске келбей койбойт: «Адам феодалимдин искусствосунун борборунда турган. Бирок кайталангыс жеке инсан, индивидуалдуулук катары эмес, белгилүү бир чөйрөнүн, феодалдык мамилелердин шатысынын белгилүү бир тепкичининин өкүлү катары турган. Летопистин ар бир кейипкери белгилүү бир социалдык категориянын гана өкүлү катары сүрөттөлөт. Летописчи князды дайыма параддык жана расмий абалдарда чагылдырат. Ал өзүнүн каарманы менен эч убакта интимдик мамилеге өтпөйт, сырдашпайт анын жүрүм-турумун психологиялык жактан түшүндүрбөйт. Княздын мүнөздөмөсүндө княздын мүнөзү эмес, анын ишмердиги, сырткы жүрүм-туруму, саясий жүзү көрсөтүлөт. Летописчи княздын психологиясына гана эмес, биринчи кезекте анын саясий жүрүм-турумуна баа берет» (Лихачев Д.С. Избранные работы – Ленинград, «Наука», 1987, 3-том, 63-бет). Орто кылымдагы орус летописчи-жазуучунун адамды сүрөттөө манерасына эмне үчүн XX кылымдагы кыргыз жазуучусунун манерасы окшош? Мунун көп себептери болушу мүмкүн. Бирок мындай жагдайдын бир орчундуу себеби кыргыздын алгачкы калемгерлеринин чын-чынына келгенде жакында эле орто кылымдык, көчмөндүк-патриархалдык, жарым феодалдык коомдон чыгып келген кыргыз калкынын өкүлдөрү болгондугуна байланыштуу деген ойду айткыбыз келет. Анткени патриархалдык – жарым феодалдык жамаатта адам кайталангыс индивидуалдуулук катары, анын жан дүйнөсүнүн уникалдуулугу жогорку дөөлөт катары жогору коюлган эмес. Илимдин корутундуларына келсек, капитализмге чейинки коомдордо, биринчи планда эл, жамаат, мамлекет турат, ал эми инсан булардын далдасында калат. XX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз жазуучуларынын аң-сезиминде да ушул «салттын» оту өчпөй, күйүп турат деп айтсак жаңылышпас элек.

Экинчи жагынан караганда 20-40-жылдардагы советтик идеологиянын өзү да кыргыз жазуучуларын биринчи иретте инсандын коомдук-саясий, таптык-пролетардык активдүүлүгүн көрсөтүүгө багыттап турган.

Бул жагдайды да эсепке алууга тийишпис. Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы жылдарында Коммунисттик партия адабият жана искусство ишмерлерине төмөндөгүчө чакырык менен кайрылгандыгы белгилүү: **«Драматургдар, композиторлор, акындар, жазуучулар, художниктер Кызыл Армиянын жана бүткүл совет элинин баатырдык иштерин даңазаласын. Алар бүт элди жана Кызыл Армияны душман менен аёсуз**

**күрөшкө шыктандырсын, биздин баатырлар согушка каардуу, шаңдуу-шайыр ыр менен барсын, художник, акын, жазуучунун ар бир сөзүнөн, кинонун экранынын ар бир кадрынан, газетанын ар бир бетинен душманга таамай ок атылсын»** («Правда» газетасы, 1942, 4-февраль). Кыргыз акын-жазуучулары партиянын ушул чакырыгына жооп берүү ишине биринчилерден болуп киришишкен. Ушундай шартта кыргыз драматургиясында каармандын саясий-патриоттук каармандыгын сүрөттөө биринчи планга чыккан. Драматургдар үчүн драмалык геройдун баатырлыгын көрсөтүү бардыгынан маанилүү болгон. Бул өңдүү чыгармачылык установка көп учурда «железо-бетон» сыяктуу каармандардын типтеринин жаралышына алып келген

Пьесанын дагы бир саамалыгына токтололу. Согушту анын бүткүл оор трагедиясы, кесепети менен чынчыл көрсөтүү, согуштагы жоокерди буйрукту аткаруучу, ок атуучу катары гана эмес, анын согуштагы адамдык тагдырын өзүнүн татаалдыгы, карама-каршылыгы менен реалисттик түрдө сүрөттөө XIX кылымда орус адабиятында Лев Толстойдун чыгармаларында, айрыкча анын «Севостополь аңгемелеринде», «Согуш жана тынчтык» романында толук кандуу ишке ашкандыгы белгилүү. Лев Толстойдун согуш чындыгын көркөм сүрөттөө салтын өздөштүрүү кыргыз адабиятында XX кылымдын 60-жылдарында, бөтөнчө, Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романында ачык көрүнгөндүгү маалым. «Майдан» романындагы Качыкенин образы бул М.Горький айткандай, «кармалап көрсө боло тургандай» тирүү образ. Ал фронтто адаттагыдай таптык-саясий сезими күчтүү пролетар-патриот, идеалдуу каарман катары эмес, кадимки турмуштагы адам – пенде катары өзүнүн мүнөзүнүн, кишилик тагдырынын, жоокердик жазмышынын бүткүл татаалдыгында жана карама-каршылыгында, өзүнүн ой-сезимдери, шектенүүлөрү жана ой-толгоолору, патриоттук умтулуштары, күрөшүү менен абдан пластикалуу сүрөттөлгөн. Ал ичинде дайыма ойлонуу-толгонуу процесси жүрүп тургандыгы менен айырмаланат. Качыке согушта жүрүп, өзүнө өзү талдоо жүргүзөт. Бул каармандын фронтто өрт кечип жүрүп: **«Өзүмчү, өзүм? Менде эмненин кайраты? Кишинин эң эле бош, жүдөөсү мен эмеспи? Качан мен кабыргасы каткандык кылып, тыңырак иштеп, кыйынчылык менен күрөштүм эле? Качан болсо ишимди да иштей албай, турмушумду да кура албай, көчөдө дабдырап жүрчү эмес белем? Качан болсо ишенимди, өзүмдүн таалайымды өткөрүп жиберип, басып жүрүп «асан кайгы!» болчу киши эмес белем? Качан мен атырылып, кайраттуу жүрдүм эле? Качан болсо корунуп, чынымды айтпай (чын айткандан коркуп) баарын ичиме сактап, айыбымды ырбатып, турмушта коркок болуп жүргөн мен эмес белем?»**(Абдукаимов У. Майдан. – Фрунзе, Кыргызмамбас, 1966, 103-бет), - деген монологу кимге белгилүү эмес. «Майдан» романында ички монолог каармандын жан дүйнөсүн, психологиясын ачуунун күчтүү ыкма-каражаты катары туруктуу колдонулат.

У.Абдукаимовдун «Майдан» романындагы художниктик чеберчилиги, көркөмдүк-эстетикалык жетишкендиктери жөнүндө учкай кеп кылып жатып, биз, 40-жылдары жаралган «Жигиттер» драмасында да ошондой даражада эле буга чейин байкалбай келген ийгиликтер бар дегенден алыспыз. Бирок согуш темасына арналган орус классикасынын майдан чындыгын сүрөттөө тажрыйбасынан акырындап таалим алуу, аны кичинеден өздөштүрүү У.Абдукаимовго чейин 40-жылдарда эле башталгандыгын, айрыкча, бул тенденция орус филология факультетин бүтүргөн Т.Байжиевдин аталган чыгармасында ачык байкалып турганын белгилемекчибиз. Ушул аспектиде алганда, «Жигиттер» драмасында катардагы жоокер Болжурдун образын Т.Байжиевдин ийгилиги катары баалоого болот.

Акырында айтарыбыз, Т.Байжиев дал ушундай фронт чындыгын, турмуш реалдуулугун, жандуу адамды (Болжур) кандай болсо ошондой, жасалмасыз көрсөткөндүгү үчүн учурунда шаңданган параддык, жалтыраган жеңилбес патриот кармандарга көнүп калган адабий чөйрө «Жигиттер» драмасынын бөлөкчө стилин, башкалардан айырмаланган реалисттик пландагы көркөм артыкчылыктарын баалай да, кабыл ала да алган эмес. Айрыкча, «Жигиттерди» Райкан Шүкүрбековдун катуу сынга алганы жөнүндө С.Жигитов мындай деп жазган:

«Бул пьесаны Т.Байжиев согуштан кайтканда ала келип, «Советтик Кыргызстан» журналына бастырат. Бирок тилекке каршы театрга ана коебуз, мына коебуз деп турганда, Райхан Шүкүрбеков «Жигиттерди» катуу сындайт. Пьесанын кайсы бир улуту кыргыз каарманы совет өкмөтүнө таарынып, немецтерге өтүп кетиптир. Аны жигиттер колго түшүрүп: кыргыз элинин намысын түшүрүп, Манас бабабыздын арбагы астында күнөөкөрсүң деген өкүм чыгарып атып салышат. Мындай көрүнүш саясатка туура келбейт, көрүүчүлөргө тескери таасир берет, - деген доо коюлат». (С.Жигитов, Ташым Байжиев – белгилүү кара сөзчү болмок - Китепте: Ташым Байжиев. – Бишкек, «Едеп», 2003, 103-бет). Буга кошумча айта турган нерсе, «Жигиттердин» негизги каармандарынын бири Болжурдун фронтто ыйлап турушу социалдык заказдын советтик адамдын тайманбас патриоттук эрдигин жана каармандыгын көрсөтүү талабынан караганда адабий чиновниктерге жаккан эмес. Бара-бара «Жигиттер» жөнүндө партиялык расмий деңгээлде тескери чечим кабыл алынган. 1950-жылы Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин экинчи секретары Н. Боголюбовдун КПСС БКнын секретары Г.Маленковго жазган кызматтык катында мындай деп маалымдалган: «Решениями бюро ЦК КП (б) Киргизии были сняты с репертуара театров и запрещены к постановке пьесы «Мектепте», «Бир сакалчан» драматурга Джантөшева, «Ойноп

сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», «Эки дос», «Джапалак Джатпасов» драматурга Шүкүрбекова, «Джигиттер» Байджиева и «Кара туман» Эшмамбетова, как антихудожественные, вредные и безидейные произведения, грубо искажающие советскую действительность» (Китепте: Ташым Байжиев, 300-бет). Мына ушул партиялык расмий саясий чечимден кийин Т.Байжиевдин «Жигиттер» драмасы идеологиялык «кара сандыкка» жабылган.

Ташым Байжиевдин талдоого алынган «Суу боюнда», «Кытмыр өлдү», «Күрөш» аттуу прозалык чыгармалары жана «Жигиттер» драмасы анын өз мезгилининин көркөм көрөңгөгө бай, потенциалдык мүмкүнчүлүгү кең таланттуу инсан болгондугун күбөлөйт. Ал алгачкы прозалык чыгармалары менен эле, алынган актуалдуу темаларды журналисттик-публицистикалык риторика, ураан-чакырык менен эмес, көркөмдүктүн жол-жоболору менен шөкөттөө керекчилигине эртелеп баам салган калемгерлерден болгон. Бекеринен ал «Суу боюнда» аңгемесинде адабияттагы шарттуулук категориясын пайдаланып отурган жок.

«Жигиттер» драмасы Т.Байжиевдин жекече чыгармачылыгындагы өсүштү гана белгилебестен, жалпы эле 40-жылдардагы кыргыз драматургиясынын фонунда өзүнчө жаңылык болгон. Аталган чыгарма улуу Ата-Мекендик согуштагы майдан чындыгын коздоочулуктан, жалган параддык шаңдануучулуктан, жасалма пафостон, деклеративдүү, схемалуу, идеалдуу каармандарды даңазалоодон кыйла эле оолак турат. «Жигиттер» майдан темасындагы «курбалдаш» пьесалардан өзүнүн реалисттик нукта жазылгандыгы, сюжетинин жана конфликтисинин фронт турмушунун реалдуу чындыгына негизделгендиги менен айырмаланат. Согуш учурунда «Жигиттер» башка пьесаларга салыштырмалуу кыргыз драматургиясына кыйла жандуу кейипкерлерди алып келген. Автордун чыгармаларындагы көркөм саамалыктар жана ийгиликтер көп жагынан Т.Байжиевдин орус реалисттик адабиятынын тажрыйбасынан таалим алгандыгына байланышкан. Т.Байжиевдин адабий-көркөм чыгармалары өзүнүн ийгилик-кемчиликтери менен жаш кыргыз адабиятынын алгачкы 20-40-жылдардагы өнүгүү абалы үчүн мүнөздүүлүгү жана ак жерден репрессияга кабылган улуттук интеллигенциянын туңгуч өкүлдөрүнүн биринин муундарга калтырган мурасы жана өз мезгилинин көркөм документи катары баалуу.

**Адабияттар:**


1. Ташым Байжиев-Бишкек, «Учкун», 2002
2. К.Маликов. Замандаштарым жана каламдаштарым-Фрунзе, 1964
3. С.Байгазиев. Мукай жана Жусуп-Бишкек, «Мектеп», 1993
4. К.Жантөшев, «Өч» - Китепте:Пьесалар. Фрунзе, Кыргызмамбас. 1964
5. С.Байгазиев.XXкылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы. -Бишкек, «Элес», 2002.


**Рецензент: к.филол.н., доцент Медетов А.**